1-тиркеме

*(Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтомуна)*

# Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө ЖОБО

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги № 179 токтомунун редакциясына ылайык)*

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин (мындан ары - Министрлик) лицензиялоо жана электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди белгилөө аркылуу отун-энергетикалык комплексинин субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салуучу ведомстволук бөлүмү болуп эсептелет.

2. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент (мындан ары - Департамент) Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин укук улантуучусу болуп саналат.

3. Департамент "Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык отун-энергетикалык комплекси (мындан ары - ОЭК) жаатындагы ыйгарым укуктуу монополияга каршы орган болуп эсептелет.

4. Департамент өзүнүн ишинде Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана мыйзамдарын, башка ченемдик укуктук актыларды, техникалык регламенттерди, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдерди, Министрликтин актыларын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

5. Департамент юридикалык жак болуп эсептелет, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана мамлекеттик жана расмий тилдерде аталышы жазылган мөөрү, ошондой эле башка мөөрлөрү, штамптары, белгиленген үлгүдөгү бланктары жана казыналык системада эсептери бар.

6. Департаменттин ишин Министрлик контролдойт.

7. Департаменттин түзүмү жана штаттык ырааттамасы белгиленген чектүү штаттык сандын чегинде Министрлик тарабынан бекитилет.

8. Департаменттин толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: "Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент";

- расмий тилде: "Департамент по регулированию топливно-энергетического комплекса при Министерстве энергетики Кыргызской Республики".

Департаменттин кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: "ОЭКД";

- расмий тилде: "ДТЭК".

Департаменттин уюштуруу-укуктук формасы: мекеме.

9. Департаменттин юридикалык дареги: 720055, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ахунбаев көчөсү, 119.

10. Департамент өз ишин менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенүүдө жүргүзөт.

## 2-глава. Департаменттин ишинин максаты

11. Департаменттин ишинин максаты лицензиялоо жана электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди белгилөө аркылуу отун-энергетикалык комплексинин субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салуу жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты ишке ашыруу болуп эсептелет.

## 3-глава. Департаменттин милдеттери

12. Департаменттин милдеттери:

- керектөөчүлөрдүн жана ОЭК субъекттеринин кызыкчылыктарынын балансын камсыз кылуу;

- ОЭК субъекттеринин ишинин экономикалык натыйжалуулугун жана ишенимдүүлүгүн жогорулатуу үчүн шарттарды түзүү;

- ОЭК жаатында монополияга каршы жөнгө салууну ишке ашыруу;

- керектөөчүлөрдү Кыргыз Республикасынын аймагында экономикалык негизделген баалар боюнча электр, жылуулук энергиясы жана жаратылыш газы менен камсыз кылуу максатында ОЭК субъекттеринин ишин мамлекеттик жөнгө салуу;

- бардык керектөөчүлөрдүн электр берүү, жылуулук берүү линияларын жана газ менен жабдуу системаларын пайдаланууга бирдей мүмкүндүктөрүн жана шарттарды камсыз кылуу.

## 4-глава. Департаменттин функциялары

13. Департамент төмөнкүдөй функцияларды ишке ашырат:

- төмөнкүлөргө лицензияларды берет:

электр энергиясын өндүрүүгө, берүүгө, бөлүштүрүүгө, сатууга, экспорттоого жана импорттоого (энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануунун натыйжасында алынуучу электр энергиясын өндүрүүдөн, ошондой эле 1000 кВт чейин кубаттуулукта жеке колдонуу үчүн энергиянын кайсыл булактарынан болбосун электр энергиясын өндүрүүдөн тышкары);

жылуулук энергиясын өндүрүүгө, берүүгө, бөлүштүрүүгө жана сатууга (энергиянын кайра жаралуучу булактарын пайдалануунун натыйжасында алынуучу жылуулук энергиясын өндүрүүдөн, ошондой эле жеке колдонуу үчүн энергиянын кайсыл булактарынан болбосун жылуулук энергиясын өндүрүүдөн тышкары);

өсүмдүк чийки затынан биоэтанолдун өнөр жай көлөмүндө өндүрүүдөн жана аны сатуудан тышкары, мунайды жана жаратылыш газын кайра иштетүүгө;

жаратылыш газын өндүрүүгө, берүүгө, бөлүштүрүүгө жана сатууга;

- Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплекси жаатындагы мыйзамдарында белгиленген тартипте лицензиялык талаптардын сакталышын контролдойт;

- энергетика компаниялары менен иштешүү жөнүндө макулдашууларды иштеп чыгат жана түзөт, макулдашууларда белгиленген талаптардын жана шарттардын сакталышын текшерет, текшерүүлөрдүн жана даттануулардын жыйынтыктары боюнча бузууларды жоюу жөнүндө жазма буйруктарды берет;

- ОЭК субъекттери тарабынан техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн сакталышына, электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына бааларды (тарифтерди) түзүүнүн жана колдонуунун тууралыгына мониторинг жүргүзөт жана контролдойт;

- берилген маалыматтардын аныктыгы боюнча ОЭК субъекттеринин ишине комплекстүү талдоо жүргүзөт;

- энергетика ишканаларында реконструкциялоо, модернизациялоо жана жаңы курулуштун бекитилген пландарын ишке ашыруунун зарылдыгын эске алуу менен пайданын ченемдерине эсептөө жүргүзөт;

- электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтердин, ошондой эле лицензиаттар же (жана) ОЭК субъекттери тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын наркына эсептөө жүргүзөт жана бекитет;

- энергия ресурстарын керектөөчүлөрдүн (абоненттердин), ОЭК жаатындагы табигый монополиялардын субъекттеринин кызыкчылыктарынын балансын алардын ишин мамлекеттик жөнгө салуу жана контролдоо аркылуу камсыз кылат;

- ОЭКтин иштешин өркүндөтүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышат;

- ОЭК жаатындагы табигый монополиялардын субъекттеринин мамлекеттик реестрин түзөт жана жүргүзөт;

- энергия керектөөчүлөрдүн жана ОЭК субъекттеринин даттанууларын жана арыздарын белгиленген тартипте карайт;

- электр, жылуулук энергиясына жана жаратылыш газына тарифтерди эсептөөнүн методологиясын иштеп чыгат;

- электр, жылуулук жана газ тармактарына технологиялык кошулуу үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн эсептөөнүн методологиясын иштеп чыгат;

- башка мамлекеттик органдар менен биргеликте техникалык жардам, ОЭКке инвестицияларды тартуу программаларын координациялоого катышат;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тарифтик саясат, аны ишке ашыруу, ошондой эле өзүнүн иши жана кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтарды жалпыга маалымдоо каражаттары жана сайттарга жайгаштыруу аркылуу коомчулукка маалымдайт;

- энергиянын кайра жаралуучу булактарын (мындан ары - ЭКЖБ) пайдалануу менен генерацияны өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү жөнүндө сунуштарды киргизет;

- баа түзүү жана ОЭК субъекттеринин ишин жөнгө салуу маселелери боюнча эл аралык уюмдардын ишине белгиленген тартипте катышат жана бул жааттагы илимий-техникалык кызматташууну ишке ашырат;

- тейлеген тармактагы чөйрөдө укуктук пропагандалоо боюнча иш-чараларды жүргүзөт;

- кубаттуулуктарды квоталоонун алкагынан тышкары курулган, менчик ээлери жеңилдик берилген мезгил боюнча тарифтик жеңилдиктерге талапкер болбогон ЭКЖБ пайдаланылган орнотмолор үчүн чыгымды актоо мезгилинин мөөнөтүн белгилейт;

- укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт;

- электр энергиясын ички керектөөчүлөрдөн ыйгарым укуктуу банкка келип түшкөн акча каражаттарын электр энергиясын иштеп чыгуучу, берүүчү жана бөлүштүрүүчү компаниялардын ортосунда үлүштүк бөлүштүрүүнү белгилейт.

## 5-глава. Департаменттин укуктары

14. Департамент өз функцияларын ишке ашыруу үчүн төмөнкүлөргө укуктуу:

- мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчигинин түрүнө карабастан жеке жана юридикалык жактарга Департаменттин компетенциясына кирген маселелер боюнча бузууларды токтотуу жана алардын кесепеттерин жоюу жөнүндө аткарууга милдеттүү болгон жазма буйруктарды берүүгө;

- Кыргыз Республикасынын ОЭК чөйрөсүндөгү мыйзамдарын бузгандыгы үчүн ОЭК субъекттерине, алардын жетекчилерине, ошондой эле жеке жактарга белгиленген тартипте айып салууга жана экономикалык санкцияларды колдонууга;

- ОЭК жаатындагы мыйзамдардын сакталышы, ошондой эле ОЭК субъекттери тарабынан бааларды (тарифтерди) түзүүнүн жана колдонуунун тууралыгы маселелери боюнча текшерүүлөрдү жүргүзүүгө, зарыл болгон документтерди, жазуу жүзүндө жана оозеки түрдө маалыматтарды жана түшүндүрмөлөрдү алууга;

- ОЭК субъекттеринин башкаруу жана операциялык ишинин натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүүгө жана аны контролдоого, ошондой эле талдоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, түзүлгөн макулдашууларга ылайык ОЭК субъекттеринен бардык зарыл болгон маалыматтарды, отчетторду, башка документтерди алууга;

- Кыргыз Республикасынын ОЭК чөйрөсүндөгү мыйзамдарын бузуулар жөнүндө материалдарды зарыл болгон учурда укук коргоо органдарына берүүгө;

- доо арыздар менен сот органдарына кайрылууга жана сотторго катышууга;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилүүчү тарифтик саясат жана аны Кыргыз Республикасында ишке ашыруу боюнча энергия алып жүрүүчүлөрдү керектөөчүлөр менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү максатында коомдук угууларды, конференцияларды, семинарларды жана башка иш-чараларды уюштурууга;

- эл аралык келишимдерди түзүү, эл аралык долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жөнүндө сунуштарды белгиленген тартипте киргизүүгө, ошондой эле анын компетенциясына кирген маселелер боюнча чет мамлекеттердин мамлекеттик органдары, эл аралык жана коомдук уюмдар менен кызматташууну ишке ашырууга катышууга;

- өз ара пайдалуу негизде чет өлкөлүк мекемелер, эл аралык уюмдар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын уюмдары менен белгиленген тартипте өз ара аракеттенүүгө жана кызматташууга, чет мамлекеттердин энергетика чөйрөсүндөгү жетишкендиктерин жана тажрыйбасын үйрөнүүгө жана практикада колдонууга;

- энергетика секторун колдоо үчүн чет мамлекеттердин тиешелүү ведомстволору (жөнгө салуучулары), ошондой эле эл аралык ассоциациялар менен белгиленген тартипте өз ара аракеттенүүгө;

- укук бузуулар жөнүндө иштерди кароонун жыйынтыктары боюнча жаза чара колдонууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка укуктарды ишке ашырууга.

## 6-глава. Департаменттин ишин уюштуруу

15. Департаментти директор башкарат, ал Кыргыз Республикасынын энергетика министринин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы тарабынан кызмат ордуна дайындалат жана кызмат ордунан бошотулат.

16. Департаменттин директорунун орун басары болот.

Директордун орун басары Департаменттин директорунун сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын энергетика министри тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

Департаменттин директорунун орун басары түздөн-түз директорго баш иет жана өзүнө жүктөлгөн милдеттердин жана ыйгарым укуктардын чегинде Департаменттин ишин уюштурат.

*(КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-апрелиндеги № 179 токтомунун редакциясына ылайык)*

17. Департаменттин директору:

- Департаменттин ишине жалпы жетекчилик кылат жана Департаментке жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат;

- Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин мамлекеттик органдары, ишканалары, мекемелери жана уюмдары менен болгон мамилелерде Департаменттин атынан чыгат, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт жана Департаменттин компетенциясына кирген маселелер боюнча чет мамлекеттердин мамлекеттик органдары, эл аралык уюмдар (ассоциациялар) жана юридикалык жактар менен өз ара аракеттенүү жана кызматташуу жөнүндө эл аралык келишимдерге белгиленген тартипте кол коёт;

- Департаменттин компетенциясына кирген маселелер боюнча буйруктарды чыгарат жана чечимдерди кабыл алат;

- Кыргыз Республикасынын энергетика министрине Департаменттин түзүмүн бекитүү боюнча сунуштарды киргизет, ал Департаменттин милдеттеринин жана функцияларынын өзгөрүшүнө

байланыштуу гана өзгөрүшү мүмкүн. Мында Департаменттин директорун дайындоо Департаменттин түзүмүн өзгөртүү үчүн негиз болуп саналбайт;

- Кыргыз Республикасынын энергетика министрине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде штаттык ырааттаманы, эмгек акы төлөө фондун жана Департаменттин кызматкерлеринин чектүү санын бекитүү боюнча сунуштарды киргизет;

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызмат жөнүндө мыйзамдарына ылайык Департаменттин мамлекеттик кызматчыларын кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;

- эмгек жөнүндө мыйзамдарда белгиленген тартипте Департаменттин техникалык жана кенже тейлөө персоналын кызмат ордуна дайындайт жана кызмат ордунан бошотот;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Департаменттин кызматкерлерине карата сыйлоо же тартиптик жаза чараларын колдонот;

- Департаменттин кызматкерлеринин өкүлчүлүктүү органы менен жамааттык келишимге кол коёт;

- мыйзамдарда белгиленген тартипте Департаменттин каражаттарын жана мүлкүн башкарат;

- Министрлик менен макулдашуу боюнча кызматкерлерди, ошондой эле Департаменттин милдеттерин аткарууга көмөк көрсөткөн жарандарды сыйлоо үчүн Департаменттин ведомстволук сыйлыктарын уюштурат;

- ведомстволук сыйлыктар жана алардын сыпатталышы жөнүндө жоболорду бекитет;

- Департаменттин расмий символдору жана алардын сыпатталышы жөнүндө жоболорду бекитет;

- Департаменттин өзгөчө айырмаланган кызматчыларын жана кызматкерлерин мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоого жана ардак наамдарды ыйгарууга белгиленген тартипте көрсөтөт;

- укук бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укуктар берилген комиссияларды түзөт, комиссия жөнүндө жобону, анын сандык жана жеке курамын бекитет;

- укук бузуулар жөнүндө протоколдорду түзүүгө жана жазаларды колдонууга ыйгарым укуктар берилген кызмат адамдарынын тизмесин аныктайт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат.

18. Министрликтин коллегиясы жана Департаменттин жетекчилиги тарабынан кабыл алынуучу чечимдерди алдын ала ар тараптуу, кесипкөй кароо жана даярдоо үчүн Департаменттин алдында Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча комиссия иштейт, анын жеке курамын жана ал жөнүндө жобону Департаменттин директору бекитет.

## 7-глава. Корутунду жоболор

19. Департаменттин чыгымдарын каржылоо республикалык бюджеттин, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн атайын каражаттардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүргүзүлөт.

20. Департаменттин ишин кайра уюштуруу жана токтотуу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына ылайык ишке ашырылат.

21. Департаменттин иши токтотулган учурда Департаменттин документтери "Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.